КАРАЛДЫ

Педагогикалык кеңешменин

№ 1 токтому

"2" 09 2022 – жыл

БЕКИТЕМИН

Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин

директору ____________ Атаев Б.С.

**2022 – 2023 – окуу жылынын 5 – 11 – классынын арасында**
**Х.Жээнбаев атындагы мектеп - лицейининде тарых сабагынан ардагер мугалими, Бостери айылынын тургуну ИСАЕВ РЫСКЕЛДИ агайдын наамына арналган**

## МЕКТЕП ИЧИНДЕ ӨТКӨРҮЛҮҮЧҮ ТАРЫХ ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА ОЛИМПИАДАНЫН ЖОБОЛОРУ

### 1. *Жалпы жобо*

1.1. 5 – 11 – класстардын окуучуларынын арасында тарых предмети боюнча олимпиаданын темасы **"Өткөндү унутпа, ал келечектин күзгүсү"** деп аталат.

1.2. КР Өкмөтүнүн 2014 – жылдын 21 – июлдагы токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасын жалпы мектептеринде билим берүүнүн мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт.

1.3. Предметтик одимпиада таланттуу, өзгөчөлөнгөн балдарды тандап, таанып билүүсүн, кызыгууларын өркүндөтүү үчүн өткөрүлөт.

1.4. Олимпиадага 5-11 класстын окуучуларынын каалаганы катыша алат. Олимпиада мектептин традициясына жана иш планына жараша өткөрүү убагы тандалат. Предметтик олимпиаданын биринчи этабынын уюштуруу комитетинин жана калыстардын функцияларын предметтик мугалимдер чогуу бирдиктүү аткарышат.

1.5. Педогогикалык-коллективдик талантту окуучулар менен ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы – мектептик-предметтик олимпиада, ал окуу сабактарынын гана эмес, класстан тышкары ишмердүүлүктүн, окуучулардын чыгармачылык өнүгүшүнүн, өз алдынча мааалымат топтоп изденүүчүлүгүнүн, илимий-көрүнүктүү адабияттар менен кызыгууларынын, интернет менен достошкондугунун жыйынтыгы.

### 2. **Олимпиаданын маселелери:**

2.1. Окуучулардын чыгармачылык ишмердуулуккө кызыгууларын өнүктүрүү жана илимий билимдүүлүктү жайылтуу.

2.2. Таланттуу балдар менен иш алып баруунун программасынын алкагында кесип тандоого, багыттоого жана жөндөмдүүлүктөрүн колдонууга шарттарды түзүү.

2.3. Окуучуларды илимий-практикалык ишмердүүлүккө тартуу.

2.4. Предметтик олимпиаданын экинчи туруна жөндөмдүү окууучуларды тандап алуу.

### 3. **Олимпиаданын максаты:**

- Өтө зээндүү мектеп окуучуларын табуу, алардын билимдерин өркүндөтүү үчүн дем берүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн жана изилдөө ишине карата кызыкчылыктарын өнүктүрүү;
- Олимпиаданын жеңүүчүлөрүн даярдоочу мугалимдерди табуу жана дем берүү;
- Өлкөнүн келечектеги интеллектуалдык элитасын тарбиялоого көмөк көрсөтүү.
- Тарых сабагынан таланттуу мектеп окуучуларын ачуу жана алардын көңүлүн тарых предметин тереңдетип үйрөтүүгө буруу;

Сканировано с CamScanner

- Ар кандай тарыхый доорлордогу адамдардын жашоо – турмушун, шарттарын, кызыкчылыктарын, иш – аракеттерин, мотивдерин, дүйнөнү жана баалуулуктар кабылдоо, салыштыруу;
- Гуманизм идеясын кабыл алууда адам укуктарын сыйлоо, дүйнө элдеринин маданиятына жана тарых илиминин терең изилделишине көңүл буруу.

## 4. Олимпиаданын уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартиби

4.1. Олимпиада Кыргызстан тарыхы жана дүйнө боюнча өткөрүлөт

4.2. Олимпиаданы Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин тарых мугалимдери уюштуруп жана өткөрөт.

4.3. Олимпиаданын тапшырмаларынын тексттерин сабак берген мугалимдер предметтин өзгөчөлүгүн эске алуу менен түзүп чыгып методикалык бирикменин кеңешмесинде талкууга коюлат, андан кийин бекитүүгө жиберилет.

4.4. Баалоонун критерийлери да ( тапшырмалардын татаалдыгына жараша) көрсөтүлүшү керек.

4.5. Олимпиаданы окуу күндөрү, жалпы билим берүүчү жетекчилигинин уруксаты менен сабактан кийин же кружоктук иштин отурумдарында өткөрсө болот (мыкты предметти өздөштүргөн окуучуларды атайын чакыруу менен, ал эми каалоочулар да катышса болот) олимпиаданын өтүү убагында.

4.6. Олимпиада бардык параллель класстар үчүн бир күндө же бекитилген график боюнча өткөрүлөт.

4.7. Олимпиада жүрүп жатканда администрациянын мүчөлөрү же методикалык бирикменин мүчөлөрү катышса болот.

4.8. Окуучуларга олимпиаданын өткөрүү мөөнөтү жана тартиби менен он күн эрте тааныштыруу керек.

4.9. Олимпиаданын жазуу иштерин предметтик мугалимдер текшеришет. Ар бир тапшырма өзүнчө бааланат.

4.10. Олимпиаданын жыйынтыктары эки күндүн аралыгында чыгарылып окуучуларга жарыяланат.

4.11. Олимпиаданын жеңүүчүлөрү мектептин грамоталары же белектери менен сыйланат жана анда кийинки турга жолдомо алышат.

## 5. Олимпиадага катышуучулардын укуктары.

Олимпиадага мектептин 5 – 11 – классынын окуучулары катышат.
Катышуучулар бул жобону так аткарат.

- Сүйлөбөө, суроолорду бербөө керек (биринчи 30 мүнөттө гана берилиши мүмкүн учурда суроолорго жооп алса болот);
- Олимпиада жүрүп жатканда окуучу ордунан туруп уруксатсыз баспайт, колуна уюлдук телефон, фотоаппарат, наушник, маалымдама, окуу китептерин, шпаргалка алып кирбейт;
- Жазуу иштерине эскертүүлөрдү ашыкча жазбаш керек;
- Жазуу иштери көк сыя ручкасы менен жазылат;
- Кечигип келгендерге ашыкча убакыт берилбейт.

Сканировано с CamScanner

5.1. Олимпиаданын уюштуруучулары жана катышуучулар, мугалим предметниктер, мектептин жетекчилиги тарабынан эс алуу күндөрдү алса болот, же акчалай сыйлыктар менен сыйланат.

5.2. Мектептик олимпиадага катышкан окуучу өзүнүн иши менен жыйынтык чыккандан кийин таанышууга укуктуу жана предметтик мугалим менен кружоктук сабактарда жоопторду түшүндүрүлүшү менен маалымат баракчасынан алынат.

## 6. Олимпиаданы уюштуруучулардын жоопкерчиликтери

6.1. Олимпиаданы уюштуруучулар жана предметтик мугалимдер тапшырмаарды өз убагында даярдабай графикти бузгандыгы үчүн жооп берет.

## 7. Олимпиаданын өндүрүшук ишмердүүлүүгүнүн жыйынтыгы

7.1. Мектептик олимпиаданын өтүшүнүн отчетуна жооптуу болуп, методикалык бирикменин жетекчиси эсептелет.

7.2. Биринчи, экинчи, үчүнчү орун алган жеңүүчүлөрдүн тизмеси жана көрсөтүлгөн отчёт мектептин билим берүү ишмердүүлүгү боюнча директордун орун басары райондук билим берүү башкармалыгына бекитилген схема боюнча жөнөтөт.

Сканировано с CamScanner